Жайлообаева Р. Ж.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

**«МАНАС» ЭПОСУНДАГЫ БЫШЫКТООЧТОРДУН ГРАММАТИКАЛЫК ЖАЛПЫ ТАБИЯТЫ**

Ар бир адамзаттын жаралып, жашап, өнүгүп, өзгөрүп турган тиричилиги кылымдар бою болочокко кол сунуп умтулганы менен өткөндөгү баалуу турмуштук тажрыйбасыз келечекти да элестетүү кыйын. Тарыхы жок маданий жана коомдук турмуштун болушу мүмкүн эмес. Адамдын жашоосундагы кайсыл гана иш-аракетти, көрүнүштөрдү албайлы бардыгы аң-сезимде кандайдыр бир белгиленген максатта даярдалып иш жүзүнө ашат да, сөзгө келип бекемделип аң-сезимди байытып турат. Ошол тээ байыртан бери кылым карытып жашап келе жаткан көркөм сөз өнөрүнүн не бир асыл заттары татаал узак сапар тартып, өзүнүн баштапкы нукура тунук таза сапатын коротпой биздин күнгө жетип, жашоосун улантып реалдуу көрүнүш катары кабыл алынууда. Мындай руханий асылдыктардын катарына кыргыз элинин улуу мурасы – «Манас» эпосу да кирет.

«Сөз» жок, «Манас» эпосунда чыныгы турмуштук тарыхый окуялар-дын да чагылдырылышы мүмкүн эмес. Ал эми эпостогу тилдик каражаттарды иликтөө, анын (эпостун) тилин дагы да болсо, азыркы жаңы көз караштар менен баалоо мүмкүнчүлүгүнө шарт түзүп турат. Жогоруда аталган «сөз» сүйлөм ичинде бүткөн бир айрым ойду билдирүүдө негизги компонент катары сөздөр менен айкашып, синтаксистин негизги бирдиги – сүйлөмдү түзөөрү тил илиминде эбактан эле далилденген. Сүйлөм ичиндеги сөздөр болсо бири–бири менен сырткы формасы жагынан гана эмес, семантикалык жактан байланышып өз ара ички катышта болушат.

Кандай гана чыгарма болбосун, мейли прозабы, же поэзиябы ар бир сүйлөм, сүйлөм мүчөлөрүнөн уюшулат. Ал эми сүйлөм мүчөлөрү сүйлөм тизмегинде өзүнчө мааниге ээ болушуп, грамма-тикалык жактан да өз ара биримдикти түзүшөт. Поэзия менен прозадагы айкындоочтордун сүйлөмдөгү алган орду боюнча айырмачылыктарды байкоого болот. Муну биз, эпостогу ыргак менен айтылуу уйкаштыгына байланыштуу десек ката болбостур. Эпостордо көбүнчө айкындоочтордун орду туруксуз.

Кандай гана чыгарманы синтаксистик жактан талдоого албайлы, айкындооч мүчөлөрдүн ичинен эң көп колдонулган - *бышыктооч* экендигине күбө болобуз. Баяндоочтун тобуна кирген айкындооч мүчөлөрүнүн бири болгон - бышыктооч, негизинен кыймыл-аракеттин ар кандай белгилерин көрсөтүп турат. Ушундан улам, кыймыл-аракеттин, абалдын түрдүү кырдаалын, мүнөзүн, белгилерин, сапатын билдирген: мезгил, орун, себеп, максат, сан-өлчөм, сыпат бышыктоочтор деп белгилешкен. Бышыктоочтун ар бир түрүн өз-өзүнчө классификациялоодо негизинен семанти-калык принцип колдонулуп, багынычтуу түгөйдүн лексико-грамматикалык маани-си жана лексикалык конкреттүү мааниси каралып келген.

Бышыктоочту аныктоодо көбүнчө грамматикалык жол басымдуулук кылат, б. а., чакчылдар, жандоочтор, жандооч-тордун тизмектелип айтылуусу ж. б., экинчиден, бышыктоочтун баяндооч менен болгон грамматикалык байланы-шынын мүнөзү да эске алынат, т. а., алардын башкаруу жана ыкташуу жолу боюнча байланышы бошоң болот да, ошондуктан бышыктоочтун сүйлөмдө алган орду да эркин мүнөздө болот. Бул макалада бышыктоочтун бардык түрүнө кыскача токтолууну туура көрдүк.

**Мезгил бышыктооч.** Сүйлөм тутумунда кыймыл-аракеттин, окуянын, кубулуштун болгон, болуп жаткан жана боло турган мезгилин билдирет. Мындай учурлар «Манас» эпосунда кеңири кездешет. Мисалы:

1. Жакып бай туун аштады,

   Тойду бүгүн баштады.

*бүгүн* - мезгил тактооч. Синтаксистик жол менен бириккен уңгулардан жасалды.

2. Эбактан бери бу тойго

   Атап койгон оюм бар.

*эбактан бери* – мезгил бышыктагыч тактоочтон уюшулган ажырагыс сөз тизмеги менен жасалды.

3. Балбан чыкпай, ат чыкпай,

   Токтотуп тойду салышты.

   Эрегиш болуп эки журт

   Эки күн жатып алышты.

4. Ат коюлуп, той тарап,

   Жер -жерине кеткени.

   Арадан жети жыл өтүп,

   Сегизге Манас жеткени.

*эки күн, жети жыл* – кыймыл–аракеттин сандык так мезгили эсептик сан атоочтор аркылуу берилди.

Жогоруда көрсөтүлгөндөй, мезгил бышыктоочтун милдетин мезгил тактоочтор, фразеологизмге айланып кеткен мезгил тактоочтор, жатыш жөндөмөсүндөгү мезгилдин мааниси бар зат атоочтор, шилтеме ат атоочтор, зат атооч жана тактоочтордун ажырагыс тизмеги, толук маанилүү сөздөр менен жандоочтордун тизмеги, сын атооч, сан-өлчөм маанисиндеги сөздөр менен зат атоочтун ажырагыс тизмектери ж. б. аткарат.

**Орун бышыктооч** сүйлөмдө кыймыл-аракеттин ал - абалдын баштапкы, же чыккан, багытталган ордун билдирет.

М: 1. Ошпур үйдөн чыкканы,

   Жакыптын сөзүн укканы.

   Түшүнүзчү аттан деп

Чылбырынан тутканы.

*үйдөн, аттан* – орундук, мейкиндик мааниси бар зат атоочторго чыгыш жөндөмөсүнүн мүчөсү улану аркылуу жасалды.

2. Мунун атын бөрү дейби деп,

Адамды бөрү жейби деп,

Кашына чуркап барганы.

3. Балаң кандай жүрөт деп

Байбиче келди жанына.

*кашына, жанына* – орун тактоочтордон уюшулган орун бышыктоочтор

4. Көзүн Манас ачыптыр,

Көрсө Жакып атасы

Үйүн көздөй качыптыр.

*үйүн көздөй* – зат атоочко таандык мүчө жана көздөй деген жандооч тизмектелип келди.

**Сыпат бышыктооч** сүйлөм туту-мунда кыймыл – аракеттин ишке ашышынын түрдүү абалын, жөнүн, мүнөзүн, сыпатын билдирүүчү айкындооч мүчө.

Сыпат бышыктоочтун милдетин этиш сөздөр менен байланышкан сын атооч, сын – сыпат тактооч, чакчылдар, атоочтуктар, сурама, тангыч ат атоочтор жана чакчыл түрмөктөр, фразеологизмдер аткарат. Мындай учурлар «Манас» эпосунун материалдарында өтө кенен учурайт.

М: 1) Андай болсо нетели,

Муну айдап алып кетели.

Энеси экөөн алпарып.

Эмгекке тирүү салалы.

*айдап алып* – Этиш сөздөргө чакчылдардын жалгануусу аркылуу жасалды.

*тирүү – сын атоочтон жасалган бышыктооч.*

2) Куптан маалы болгондо

Кужулдашып чуркурап,

Катындары чыркырап,

Баягы Манас тутуптур.

*кужулдашып* – этишке чакчылдын мүчөсү улану менен жасалды.

3) Эки миңден, бир миңден,

Эңшерип тийип айдады.

*Эңшерип тийип* – чакчылдар аркылуу уюшулду

4) Арадан алты ай күн өтпөй

Ач бөрүдөй жулушат.

Белсенишип турушат.

Беш күн өтпөй урушат.

*белсенишип* - Этишке кыймыл атоочтун жана чакчылдын мүчөлөрү жалганды.

**Себеп бышыктооч** сүйлөмдө кыймыл – аракеттин болушунун, анын орундалышынын себебин билдирген айкындооч мүчө *себеп бышыктооч.*

Сүйлөм тутумунда себеп бышыктооч-торду төмөнкү сөздөр жана сөз тизмектери аткарат:

1. Атоочтуктар

2. Чыгыш жөндөмө мүчөсү жалганып айтылган абстракттуу маанидеги зат атоочтор. М: токчулук, берешендик, жалкоолук ж.б.

3. *себептүү, үчүн* деген сөздөр тизмек-теле айтылган зат атоочтор, шилтеме ат атоочтор жана атоочтуктар аткарат.

4. Чакчылдар жана чакчылдар аркылуу уюшулган сөз тизмектери аткарат.

5. Тактоочтук функцияда колдонулган *аргасыздан, амалсыздан, айласыздан* деген сөздөр этиштик баяндооч менен айкашып себеп бышыктоочтук милдетти аткарышат.

М: 1) Бабадан калган жер үчүн

Башым ооду калайык

Атоочтукка *үчүн* деген жандооч уланды.

2) Корголоп жүрүп күн көрбөй

Коө койсом не болор?!

Мында себеп бышыктоочтор чакчыл-дардан уюшулган сөз тизмеги менен жасалды.

3) Кубангандан бай Жакып

Бак – бак этип сүйлөдү.

*кубангандан – чыгыш жөндөмө формасындагы атоочтуктан уюшулду.*

**Максат бышыктooч** сүйлөмдө кыймыл – аракеттин аткарылуу макса-тын билдирүүчү айкындооч мүчө.

Максат бышыктоочтун милдетин аткаруучу сөздөр жана сөз тизмектери чектелүү эле.

Аларга:

1) – ганы мүчөсүнүн жардамы менен жасалган чакчылдар аткарат;

2) – мак (-мак +чы) мүчөсү аркылуу жасалган кыймыл атоочтор, ниет ыңгай аткарат.

3) Этиштин буйрук ыңгайы *деп* деген жардамчы милдетти аткарган этиш сөз менен тизмектеле айтылганда, максат бышыктоочтук милдетти аткарышат.

М: 1) Айтканым кылып тургун деп,

Жарлыгы жалган түк болбойт.

2) Жетпей калса минсин деп

Жети кур ат байлатты.

**Сан – өлчөм бышыктооч** сүйлөмдө кыймыл – аракеттин санын, салмактык, иреттик, даражалык өлчөмүн билдирет.

Сүйлөм тутумунда сан – өлчөм бышыктоочтун милдетин төмөнкү сөздөр жана сөз тизмектери аткарат.

1) Сан – өлчөм тактоочтор;

2) Чакчыл этиштер, чакчыл түрмөктөр.

3) Эсептик – иреттик сан, топ сан, чамалама сан

4) Кыймыл – аракеттик мааниси бар этиштик баяндоочтор сандык, өлчөмдүк, көлөмдүк белгилерин көрсөткөн сан атооч менен зат атоочтун ажырагыс сөз тизмектери аткарат.

М: 1. Жолдош болгон бир бала

Күрсү урарда Туучунак

Жолборсту тепти бир туйлап

*бир* – эсептик сан атооч аркылуу жасалды.

2. Какбаш болгон аттардан

   Төрт жүзүн айдап кел деди.

3. Манжудан барган калмактан

   Кырк төртү өлүп калыптыр.

*Төрт жүзүн, кырк төртү* – чамалама сан атоочтор аркылуу жасалды.

Бышыктоочту кенен изилдөөдө жана ар бир бышыктоочтун түрүнө тиешелүү өзгөчөлүктөрдү мындай көлөмдө берүү албетте, жетишсиз. Бул жерде бышыктоочтун негизги эрежеси жана кандай суроого жооп болуп түшөөрү, анын милдетин аткарган сөздөр кайсылар экендиги гана берилди. Сиздер баамдагандай, мисалдар жалаң эпостон алынды («Манас» I, II том.). Эпосто бышыктоочтор абдан көп кездешет жана аларды өз – өзүнчө бөлүп изилдөө да келечектин иши экени айдан ачык жана көптөгөн илимий эмгектер жаралары талашсыз.

**Адабияттар**

1. «Манас» I, II том. –Бишкек, 1994.

2. Иманов А. Кыргыз тилинин синтаксиси. -Б., 1995.

3. Абдулдаев Э., Иманов А., Давлетов С., Турсунов А. Кыргыз тили (pединс-титуттардын факультеттери үчүн окуу куралы). –Фрунзе: Мектеп, 1986.

4. Жапаров А. Кыргыз тилинин синтаксиси, (жогорку окуу жайларынын тил жана адабият факультеттери үчүн). – Фрунзе: Мектеп, 1979.